ОКБББ



# 2026-жыл

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү А.А.Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институту**

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

# МААЛЫМАТТЫК ЖЫЙНАК


Ж.Баласагын атындагы КУУнун Сүлүктүдөгү А.А.Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институту

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМУ

**2025-2026-окуу жылындагы маалымат журналы**

**сентябрь- май**

**2025- 2026**




**Башкы бет.**

**"Орто кесиптик билим берүү: сапат, практика жана келечек"**

3



**Орто кесиптик билим берүүдө жаштар менен иштөө жана окуу процессин уюштуруунун мааниси**

6



**Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндөгү адистиктер жана алар берген квалификациялар**

14



**Окуу жайларда жаштарды тарбиялоонун мааниси**

15

# Орто кесиптик билим берүү:сапат, практика жана келечек



*Ж.Баласагын атындагы КУУнун Сүлүктүдөгү А.А.Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институтунун Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси*

## Абдрасулова Замира Айтбаевна

Азыркы глобалдашуу доорунда билим берүү системасы коомдун өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. Айрыкча орто кесиптик билим берүү тармагы эмгек рыногунун талаптарына түздөн-түз жооп берип, кыска мөөнөттө практикага даяр адистерди даярдоо милдетин аткарат. Бул багытта Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн негизги максаты — заманбап талаптарга жооп берген, атаандаштыкка жөндөмдүү жана кесиптик жактан даяр адистерди калыптандыруу болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окутуунун мазмунун жаңылоо жана теория менен практиканын тыгыз байланышын камсыз кылуу негизги багыт катары каралат. Бүгүнкү күндө салттуу окутуу ыкмалары жетишсиз болуп, инновациялык жана интерактивдүү ыкмаларды колдонуу зарылчылыгы жаралууда. Ушуга байланыштуу окуу процессине санариптик технологиялар, долбоордук окутуу жана STEAM элементтери киргизилип, студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсү, чыгармачылыгы жана практикалык көндүмдөрү өнүгүүдө.

Практикага өзгөчө көңүл буруу орто кесиптик билим берүүнүн негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. Студенттердин өндүрүштүк практикалардан өтүшү, реалдуу тапшырмаларга катышуусу жана иш берүүчүлөр менен байланышта болушу алардын кесиптик даярдыгын жогорулатууга шарт түзөт. Ошондой эле иш берүүчүлөр менен кызматташтыкты өнүктүрүү окуу программаларын эмгек рыногунун талаптарына ылайыкташтырууга жана бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна көмөк көрсөтөт.


Ушул багыттагы иштердин алкагында менин алгачкы ишим катары 2021–2027-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык пландын негизинде Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө бир катар иш-чаралар аткарылды. Негизги көңүл билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоого бурулду.

Бул багытта 2026-жылга пландалган иштердин алкагында актовый залда оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлдү. Оңдоо процессинде залдын ички абалы текшерилип, аныкталган кемчиликтер жоюлду. Аткарылган иштер окуу жайдын материалдык-техникалык базасын жакшыртууга жана студенттер менен кызматкерлер үчүн иш-чараларды өткөрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталды.

Мындан тышкары, стратегиялык өнүктүрүү планынын «окуу жайдын аброюн жогорулатуу жана билим берүү процессин өркүндөтүү» багытынын алкагында ар түрдүү иш-чаралар өткөрүлүп, студенттер менен бүтүрүүчүлөрдүн байланышын бекемдөөгө көңүл бурулду. Бул иш-чаралар тарбиялык багыттагы иштерди колдоого жана окуу жайдын коомдогу ордун бекемдөөгө шарт түздү.

Жыйынтыктап айтканда, орто кесиптик билим берүү системасы учурда сапатты жогорулатууга, практиканы күчөтүүгө жана келечекке багытталган өнүгүү жолунда турат. Жүргүзүлгөн иштер билим берүү процессин жакшыртууга жана студенттердин кесиптик жактан калыптанышына өбөлгө түзөт.





Оңдоо иштеринин алкагында актовый залдын ички абалы текшерилип, кемчиликтер аныкталды





Залдын эстетикалык көрүнүшүн жакшыртуу үчүн тиешелүү оңдоо иштери аткарылып, пайдаланууга ыңгайлуу шарт түзүлдү









# УЛУТТУК БААЛУУЛУК

Окуу жайда тарбиялык жана маданий иштерди системалуу жүргүзүү, улуттук баалуулуктарды жайылтуу максатында улуттук кийимдер алынды. Бул көйнөктөр окуу жайда өткөрүлүүчү маданий иш-чараларда, майрамдык программаларда жана коомдук иш-чараларда пайдаланууга багытталды






## ОшТУнун техникалык колледжинде болгон академиялык мобилдүүлүк




**ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

2025-жылдын 1-декабрынан 5-декабрына чейин Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн студенттери жана окутуучулары Ош технологиялык университетинин техникалык колледжине академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагында барып келишти











**2026-жылдын 17-февралынан 19-февралына чейин Өзбекстан мамлекетинин Фергана шаарына мобилдүүлүктүн алкагында барып келишти**









Мобилдештирүү — бул билимге чоң өбөлгө түзгөн маанилүү процесс болуп саналат. Ал студенттердин активдүүлүгүн арттырып, алардын келечектеги кесиптик өсүшүнө шарт түзөт.



# Орто кесиптик билим берүүдө жаштар менен иштөө жана окуу процессин уюштуруунун мааниси

***Боркошов Куттубек Куваничбекович***
**Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары**

Азыркы мезгилде орто кесиптик билим берүү системасы коомго керектүү кесиптик даярдыгы бар адистерди даярдоодо өзгөчө мааниге ээ. Бул багытта окуу процессин туура уюштуруу жана жаштар менен тарбиялык ишти системалуу жүргүзүү негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Орто кесиптик билим берүүдө негизги көңүл студенттердин билим сапатын жогорулатууга, алардын теориялык жана практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга бурулат.

## Жаштар менен иштөө тарбиялык процесстин маанилүү бөлүгү

Окуу процессинин натыйжалуу жүрүшү сабактардын сапатына, окуу пландарынын туура аткарылышына жана студенттердин активдүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Теориялык билимди практика менен айкалыштыруу студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатууга шарт түзөт. Жаштар менен иштөө тарбиялык процесстин маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.





## Билим — келечекке ачылган ишенимдүү жол.

Орто кесиптик билим берүүдө негизги көңүл студенттердин билим сапатын жогорулатууга, алардын теориялык жана практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга бурулат. Окуу процессинин натыйжалуу жүрүшү сабактардын сапатына, окуу пландарынын туура аткарылышына жана студенттердин активдүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Теориялык билимди практика менен айкалыштыруу студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатууга шарт түзөт.

Студенттердин инсандык өнүгүүсүнө, жоопкерчиликтүү мамилесине жана коомдук активдүүлүгүнө көңүл буруу максатында ар кандай тарбиялык иш-чаралар, жолугушуулар жана тематикалык сааттар уюштурулат. Бул иш-аракеттер жаштардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана аларды келечектеги кесиптик жашоого даярдоого өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, окуу процессинде заманбап окутуу ыкмаларын колдонуу, санариптик технологияларды киргизүү жана интерактивдүү сабактарды уюштуруу студенттердин кызыгуусун арттырып, билим алуунун сапатын жогорулатууга жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, орто кесиптик билим берүүдө жаштар менен иштөө жана окуу процессин туура уюштуруу — келечектеги квалификациялуу адистерди даярдоонун негизги шарты болуп саналат. Бул багыттагы иштер студенттердин кесиптик жана инсандык жактан калыптанышына өбөлгө түзөт.

**“Ачык эшиктер күнү”** иш-чарасы

2026-жылдын 10-апрелинде Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде жана анын структуралык бөлүмү болгон Сүлүктү институтунда салтка айланган “Ачык эшиктер күнү” жогорку деңгээлде уюштурулуп өткөрүлдү.





**Педагогикалык практика** — студенттердин кесиптик өсүшүнө жана сапаттуу адис болуп калыптанышына өбөлгө түзгөн маанилүү баскыч болуп саналат.






**Ачык сабактар**-билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана тажрыйба алмашууга шарт түзгөн маанилүү иш-чара болуп саналат.









**Бүтүрүүчүлөр менен иш алып баруу** билим берүү мекемесинин үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө жана келечектеги адистердин сапатын жогорулатууга шарт түзгөн маанилүү багыт болуп саналат.













**Семинарлар** окутуучулардын кесиптик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзгөн маанилүү усулдук иш-чара болуп саналат.






**Тарбиялык иш-чаралар** студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө жана коомдо өз ордун таба алган, жоопкерчиликтүү инсан болуп калыптанышына шарт түзөт.
































**<u>Илимий семинарлар</u>** студенттердин билим деңгээлин жогорулатууга
аларды келечектеги изилдөө иштерине даярдоого өбөлгө түзгөн маан









Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү А.А.Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн секциясия башчысы

**Темирбаева Нуржамал Паттаевна**

## Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндөгү адистиктер жана алар берген квалификациялар



### 1. 030503 Укук таануу адистиги:

Квалификация: юрист.

Юрист же юристтин жардамчысы мамлекеттик органдарда, сот, прокуратура, нотариат, адвокатурада кичүү адис; укуктук






## 2. 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп адистиги (тармактар боюнча):

*Квалификация: бухгалтер.*

Ишкана-мекемелерде баштапкы эсеп, салык отчетун түзүү, эмгек акы эсептөө, 1С программасында иштөө, инвентаризация. ОКББнын НКББПсында так ушул багыт камтылган.

## 3. 230110 Эсептөө техникаларынын жана компьютердик тармактардын каражаттарын техникалык тейлөө адистиги:



*Квалификация: техник, компьютердик тармактардын техниги*

Компьютерлерди ондоо-куроо, локалдык тармактарды монтаждоо, серверлерди тейлөө, программалык жабдуу орнотуу, колдонуучуларга техникалык колдоо көрсөтүү.



Бардык адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөргө “математикалык жана табигый-илимий цикл”, “кесиптик цикл” боюнча билим берилип, мамлекеттик үлгүдөгү диплом тапшырылат. Квалификация “кичүү адис” деңгээлинде,

## Орто кесиптик билим берүүдө педагогикалык адистиктер жана алардын квалификациялары

### ***050709 Башталгыч класстарды окутуу адистиги:***

*Берилүүчү квалификация: Башталгыч класстардын мугалими*
*Дипломдо жазылышы: “Башталгыч билим берүүнүн мугалими”*



Окуу мөөнөтү: 9-класстан кийин 2 жыл 10 ай, 11-класстан кийин 1 жыл 10 ай.

***Башталгыч класстарды окутуу адистиги:***

-1–4-класстарда бардык негизги предметтер: кыргыз тили, математика, мекен таануу, көркөм өнөр, эмгек, дене тарбия боюнча сабак берет
- Узартылган күн тобун жетектейт, класстан тышкаркы иштерди уюштурат
- Логопедиялык, дефектологиялык борборлордо мугалимдин жардамчысы болуп иштей алат

### **050704 Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо адистиги:**

*Берилүүчү квалификация: Бала бакчанын тарбиячысы же Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин тарбиячысы*
*Дипломдо жазылышы: “Мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы”*






**Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо адистиги:**

- Бала бакчада, өнүктүрүү борборлорунда 2–7 жаштагы балдар менен иштейт
- Сүйлөөнү өнүктүрүү, карапайым математика, сүрөт, кол эмгеги, музыка,

*Бүгүнкү жаштар-эртеңки келечек*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун А.А.Машрабов атындагы Сүлү
гуманитардык-экономикалык институтунун орто кесиптик били
берүү бөлүмүнүн

# МЫКТЫ КУРАТОРУ



# *Караева Улугай Аликуловна*

## Окуу жайларда жаштарды тарбиялоонун мааниси

Азыркы убакта тарбиялоо процесси бүтүндөй билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү катары эсептелет. Тарбиялоо коомдук кубулуш катары – өсүп келаткан муунду коомдук саясий турмушка, коомдук-өндүрүштүк ишмердүүлүккө жана чыгармачылыкка калыптандыруучу татаал, карама-каршылыктуу социалдык-тарыхый процесс. Тарбиялоо жана окутуу проблемалары бири-бири менен ажырагыс байланышта, анткени бул процесстер бүтүндөй адамды инсан катары калыптандырууга багытталган.

Бирок коом адамдарга, айрыкча жаш муундарга максатка багытталган, аны инсандык жактан калыптандыруу процессинде коюлган милдеттерге ылайык жетектөөгө алуусу зарыл.



Бүгүнкү коомдо студенттер жаштардын бир топ активдүү бөлүгүн түзөт. Бирок жаштар турмушунун педагогикалык негиздеринин түптөлүшү азыркы учурда ар түрдүү идеологиялык системалардын карама-каршы белгилеринин таасири астында стихиалуу жүрүп жатат. Бул болсо жаштардын аң-сезимине терс таасирин тийгизип, анын натыйжасында акталбаган үмүткө, көңүл калууга, пассивдүүлүккө, рухий кызыкчылыктардын социалдык жактан чектелгендигине байланышкан бир катар

Бүгүнкү жаштар-эртеңки келечек

Телевидение, интернет ресурстары аларга турмуштук артыкчылыктар тууралуу эбегейсиз маалыматтар менен сугарып, анын айынан жаштар негизсиз жогорку керектөөлөргө өздөрүн муктаждык катары эсептеп жатышат. Ар бир жаш адам турмушта жогорку сапаттуу жашоону эңсейт, ал эми ошол жогорку сапаттагы ыңгайлуулукту камсыздоо үчүн кесипке ээ болуу канчалык интеллектуалдык акыл жана күч эмгегин талап кыларын элестете алышпайт. Ушуга байланыштуу көпчүлүк абитуриенттер жогорку билим берүү системасы койгон академиялык талаптарды кабылдоого жана аларды аткарууга даяр эмес.

Ушул өңүттөн алып караганда окуу жайда инсанды өнүктүрүүнүн өзгөчө маанилүү шарты болуп тарбиялык иштерди өнүктүрүү болуп саналат.

Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн студенттерин тарбиялоо милдеттеринин негизги багыттары: студенттин окууга, өзүнө, башка адамдарга, курчап турган дүйнөгө болгон мотивациясын өзгөртүүгө багытталган ар тараптуу таасир этүү, өзүнүн курбуларына жардамдашуу үчүн терең ойлонулган, оптималдуу шарттарды жаратуу; студентке эркин тандоо укугун, ыктыярдуулугун, өз алдынчалыгын, позитивдүү аракеттер боюнча өздүк тажрыйбага ээ болуусун, социалдык айлана-чөйрөдө өзүн-өзү уюштура билүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү. Маданий турмушта өзүн инсан катары калыптандыруусун ишке ашыруу менен коомдук маданиятка шайкеш өнүгүүгө мүмкүндүк берүүчү ыңгайлуу социалдаштыруучу потенциалы бар тарбиялык чөйрөнү түзүүнү талап кылат.

Билим берүүнүн мамлекеттик жаңы идеологиясы университеттин илимий күчүн агартууну өнүктүрүү боюнча өз жолун издөөгө түрттү.

XIX кылымдын орто ченинде университеттердин ачылышы менен тарбиялоо менен окутуу мамлекеттин эң маанилүү функциялары болуп калат.

1832-жылы болочоктогу агарт[у]
министри С.С.Уваров Москва университети[н]
текшергенден кийин өспүрүмдөргө болг[о]
тарбиялык таасирди чыңдоо керектигин ба[са]
белгилеген.

Университеттер агартуунун ган[а]
борбору эмес, биринчи кезекте ат[а]
мекендик, улуттук илим менен маданиятты[н]
борбору болгондугун белгилей кетүү керек.
Н.И.Пироговду пикири боюнча
университеттер агартууну, талант мене[н]
акылдын өзалдынча чыгармачылы[к]
ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнү жана илимг[е]
болгон чыныгы сүйүүнү тарбиялоо
милдеттерин өзүнө алган.

Е.Кролевецкая ынангандай окуу жайд[а]
болочок адистин калыптануусу тарбиялоо
процессинде жүрөт, тарбиялоо
студенттердин өз алдынча өнүгүүсү үчү[н]
шарт гана түзбөстөн, аларды болочо[к]
адистин кесиптик жактан маанилү[ү]
сапаттарын жалпы адамзатты[к]
баалуулуктарын алып жүрүүчүсү
чыгармачыл инсанды жаратуучу катар[ы]
болочок кесиптик ишмердүүлүкк[ө]
багыттоого тийиш.

Ар кандай окуу жайдын
администрациясынын милдети болу[п]
тарбиялоонун эки аспектисин
аудиториялык жана аудиториядан тышкар[кы]
аспектилерин бириктиргидей мобилд[үү]
тарбия системасын түзүү эсептеле[т].
Аудиториядан тышкаркы иш – бул тайпад[а]
факультетте же кураторлорду[н]
окутуучулардын, студенттик активд[ин]
жетекчилиги астында өткөрүлүү[чү]
тарбиялык иш-чаралардын топтому.

*Биздин милдет катары кесипкөйдү гана эм[ес]*
*руханий-адептүү инсанды, өзүн-өзү тарбиялоого,*
*алдынча билим алууга жана өзүн-өзү окутууга, илими[й]*
*чыгармачыл потенциалы жогору, атаандаштык*
*жөндөмдүү болгон патриот жаштарды даярдоо бол[уп]*
*эсептелет.*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Сүлүктүдөгү А.А.Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институтунун Орто кесиптик билим берүү бөлүмү 2008-жылдын

1-сентябрында Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун директорунун №131 буйругунун негизинде Кесиптик билим берүү борбору андан кийин Орто кесиптик билим берүү бөлүмү болуп түзүлгөн.

Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн максаты- техника, экономика жана башка тармактар үчүн дүйнөлүк базарда атаандаштыкка даяр болгон, стратегия жана чыгырмачылык менен ой жүгүртүп, башкарууда эффективдүү чечимдерди кабыл алып, өзүнүн интелектуалдык жана илимий изилдөөчүлүк потенциалын дайыма жогорулатууга умтулган кадрларды даярдоо.

2025-2026-окуу жылында окуу Ж.Баласагын атындагы КУУнун А.А.Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн күндүзгү бөлүмдө 050709 «Башталгыч класстарда окутуу», 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп», 030503 « Укук таануу» адистиктеринде 105 студент, ал эми сырткы бөлүмдө 050709 «Башталгыч класстарда окутуу», 050704 «Мектепке чейинки билим берүү», 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп», 030503 « Укук таануу» адистиктеринде 172 студент билим алып келүүдө. 2025-2026-окуу жылында 050709 «Башталгыч класстарда окутуу», 050704 «Мектепке чейинки билим берүү», 080110 «Экономика жана бухгалтердик эсеп», 030503 « Укук таануу», 130404 «Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү» адистиктери боюнча 111 студент окууну ийгиликтүү аяктады.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Сүлүктү институтунун Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө студенттерге билим берүү кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Окуу жайда эмгектенген профессордук – окутуучулар курамы мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн силлабус,

жумушчу программалар жана окуу усулдук комплекстер аркылуу билим берет.

Профессордук-окутуучулар курамынын саны 25, алардын ичинен илимдин кандидаты 1.